«БЕКИТЕМИН»
К. Карасаев атындагы Бишкек
мамлекеттик университетинин ректору,
г.и.д., проф. М.М. Дылдаев
___________________________
«_10_» ___апрель___ 2025-ж

**Жамалов Шукурали Абдыкаровичтин 08.00.06 – улуттук жана аймактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн "Кыргыз Республикасында бажы контролун уюштуруу экономикалык механизимин өркүндөтүү" темасындагы диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме – К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин "Каржы, банктык кызмат жана салык салуу" кафедрасынын**

# ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Бажы кирешелери Кыргыз Республикасынын бюджетинин негизги бөлүктөрүнүн бири. Учурда Кыргыз Республикасы дүйнөнүн 140тан ашуун мамлекети менен соода-сатык жүргүзөт. Бажы төлөмдөрүнүн көлөмү, 2024-жылга мамлекеттик бюджетке кошкон салымы 26-28% пайызды түздү. Төлөмдөрдүн туура жана так төлөнүшү мамлекетибиздин социалдык-экономикалык маселелерии чечүүдө, кедейчиликти жоюуда, мугалимдердин, врачтардын эмгек акыларын жогорулатууда жана калктын жашоо деңгээлин көтөрүүдө зор таасирин тийгизет. Көптөгөн жылдан бери келе жаткан бажы тармагындагы жемкорлук, аткезчилик так жана ачык эл аралык бажы статистикасынын методикасы колдонбогондугу бажы контролундагы чечилбеген көптөгөн маселелер бар экендигин айгинелеп турат. Ошондуктан мамлекеттик бажы кызматынын негизги багыттарынын бири болуп бажы контролун уюштуруу экономикалык механизимдерин өркүндөтүү болуп саналат. Бул теманын актуалдуулугу бюджеттин киреше бөлүгүн толуктоодо негизги орунду ээлейт.

Изилдөөнүн максаттары жана милдеттери болуп төмөндөгүлөр белгиленген:

1. Тышкы соода экономикалык байланыштарды жана бажы контролун жөнгө салуунун илимий теориялык жана методикалык негиздерин талдоо;
2. Азыркы мезгилдеги "кызмат көрсөтүү" категориясына аныктама берүү жана анын таасирин белгилөө;
3. Бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүү шартында ыйгарымдуу мамлекеттик органдар менен бажы кызматынын өз ара байланыштарын жөнгө салуу боюнча негизги багыттарын белгилөө;
4. Өлкөнүн тышкы экономикалык байланыштарын учурдагы калыптануу өзгөчөлүгүн, азыркы абалын, өнүгүү тенденциясын, тышкы соода, бажы жаатындагы өзгөчөлүктөрүнө ар тараптуу талдоо жана иликтөө жүргүзүү;
5. Бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүдө укуктук негиздерин жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

КЫРГЫЗСКИЙ ЭКОНОМИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
имени М. РЫСКУЛБЕКОВА
Вх. № 295 "11" 04 2025 г.
Исх. №_____ "___" ________ 20___ г.
Подпись

6. Кыргыз Республикасында бажы кызматынын салык төлөмдөрүнүн киреше бөлүгүнүн эконометрикалык моделдөө ыкмасы менен келечектеги салыктык кирешелеринин болжолдуу көрсөткүчтөрүн эсептөө;

7. Бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин рыноктук шартка ыңгайлаштыруу менен көмүскө экономиканы төмөндөтүү, коррупциялык схемаларды жоюу жана мамлекеттик колдоону күчөтүү.

Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмдерин колдонууда ишти заманбап билимди пайдалануу, инвестиция тартуу менен инфртүзүмдөрүн модернизациялоо, заманбап жабдыктарды жана инновациялык техникаларды алуу менен бирге, анын тышкы экономикалык соодадан түшкөн кирешелеринин көлөмүнүн мамлекеттик бюджетти толуктоодогу зарылчылыгы жана калкыбыздын социалдык-экономикалык абалынын багыттарын жакшыртуу боюнча так аныктоо теориялык жактан гана эмес, ошондой эле практикалык жактан дагы маанилүүлүгү каралган.

**2. Илимий натыйжалар**: Кыргыз Республикасында бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүү боюнча илимий-методикалык жоболорду жана практикалык сунуштарды негиздөөдө турат.

**Изилдөө жараянында алынган илимий жаңылыктар төмөнкүлөр:**

- тышкы соода экономикалык байланыштарды жана бажы контролун жөнгө салуунун илимий теориялык-методикалык аспектилерин жана укуктук жоболору, бажы тармагынын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, жалпыланды;
- бажы кызматынын өнүгүү процессинде маанисинин-теориалык негиздерин изилдөөнүн натыйжасында, “кызмат көрсөтүү” түшүнүгүнө илимий жана укуктук чечмелөө позициясы менен өзгөчө товардын бир түрү болгондуктан буюм катары гана эмес, бирок ошол эле учурда капиталдык пайдаларды же социалдык эффектини алып келе турган кызмат деп белгиленди;
- бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүү шартында ыйгарымдуу мамлекеттик органдар менен бажы кызматынын өз ара байланыштарын жөнгө салуу боюнча негизги багыттары негизделди;
- өлкөнүн тышкы экономикалык байланыштарынын учурдагы калыптануу өзгөчөлүгүн, азыркы абалын, өнүгүү тенденциясын, соода бажы жаатындагы байланыштар, өзгөчөлүктөрүн ар тараптуу иликтөө жүргүзүлдү;
- бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүдө укуктук негиздерин өркүндөтүү боюнча сунуштар берилди;
- Кыргыз Республикасында бажы кызматынын салык төлөмдөрүнүн киреше бөлүгүн математикалык моделдөө ыкмасы менен келечектеги салыктык кирешелердин 2035 - жылга чейинки өсүү мүмкүнчүлүгү көрсөтүлдү жана божомолу аныкталды;
- 2035 - жылга чейинки Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматын өркүндөтүүнүн “Улуттук программасы”

жана бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүнүн негизги багыттары сунушталды.

**3. Диссертацияда баяндалган илимий натыйжалардын (илимий жоболордун), тыянактардын жана сунуштардын жаңылык даражасы**

Беларусь мамлекетинде өтүлгөн XV - Эл аралык илимий-практикалык конференцияда "ЕАЭБдин алкагында Кыргызстанда азык түлүк коопсуздугун камсыздоо жана айыл-чарба өнүмдөрүн экспорттук потенциалын жогорулатуу" макаласы, Минск, 13-14-октябрь, 2022-ж. "Кыргыз Республикасында бажы контролунун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүнүн негизги багыттары"; "Кыргыз Республикасында тышкы сооданын өсүшүнүн багыттары жана бажы көзөмөлүнүн ролу; Кыргызстандын ЖОЖдорунун Жарчысы, 2023, № 5; "Билим берүү кызматтарынын эл аралык тажрыйбасы". Кыргызстандын ЖОЖдорунун Жарчысы – 2021, №5 (57-61 б.); "Өнүгүп келе жаткан өлкөлөр үчүн аймактык соода жана бажы интеграциясынын зарылдыгы жөнүндө". Илим, жаңы технологиялар жана инновация - 2021, №7 (114-118 б.); "Мамбеткалиевдин 85 жылдыгына арналган Кыргыз Республикасындагы билим берүү кызматынын маселелери" илимий-практикалык конференция. Известия Чуйского университета им. С. Мамбеткалиев атындагы Чүй университетинин Жарчысы, "Кыргыз Республикасындагы билим берүүнүн суроолору" №9, - Б.2022 (3-6 б.).

Корутунду жана практикалык сунуштар Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинде 2024-жылдын 5-июнунда кийирүү актысында, "Кыргыз Республикасынын 2026- жылга чейинки Улуттук өнүктүрүү программасын (2021-ж. 12-октябрь, УП №435)" иштеп чыгуу процессинде пайдаланылган.

**4. Алынган жыйынтыктардын илим жана практика үчүн мааниси.**

Бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүнүн өнүгүү талаптарын жана укуктук ченемдерин жакшыртууга багытталган сунуштар менен бирге эле алардын натыйжалуулугун жогорулатууну иш жүзүндө колдонуу мүмкүн экендиги көрсөтүлгөн.

Мамлекет тарабынан бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүнүн Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын өркүндөтүүнүн 2025–2035-жылга чейинки Улуттук программасын иштеп чыгууда жана аларды ишке ашыруу үчүн инвестиция тартуу зарылдыгы сунушталган.

Бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүүнү жөнгө салуучу уюштуруу-экономикалык рычагдарды колдонуу бажы контролунун потенциалын жогорулатуу мүмкүнчүлүгүнө жана келечегин аныктоого жол ачары белгиленген.

**5. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларын колдонуу боюнча сунуштар.**

Алынган практикалык тыянактар менен натыйжалар мамлекеттик бажы кызматынын башкаруусунун натыйжалуулугун жогорулатууда жана жемкорлук схемаларды жоюуга мүмкүндүк берүүчү ведомстволор аралык "Жашыл дарбаза

Борбору", тышкы экономикалык ишкердүүлүктүн катышуучуларына толук шарттарды түзүп, тобокелдиктерди алдын ала жоюуда тиешелүү керектүү маалыматтарды иштеп чыгып, чек араларда товар жүгүртүүдөгү экспорт-импорт агымдарын тездетүүгө жол ачуу менен бажылык тариздөөдө алардын баасын аныктоодо натыйжалуу мүмкүнчүлүк түзүп берет.

2035-жылга чейинки мезгилге бажы кызматынын божомол көрсөткүчтөрү аны өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары жана индикаторлору, тейлөө сапатын жакшыртууда, кадрларды даярдоо, тышкы соода мамилелерди өнүктүрүү үчүн программаларды иштеп чыгууга шарттарды түзөт.

Бажы тармагында киреше салымдарын көбөйтүү максатында жана бажы кызматын өнүктүрүүнүн экономикалык багытарынан болуп "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын өркүндөтүүнүн 2025-2035-жылга чейинки Улуттук программасы", бажы кызматын модернизациялоо, заманбап инновациялык техникалар менен жабдуу, санариптештирүүнү илгерилетүү, бажы кызматында иштегендердин адискөйлүгүн жогорулатуу, кардарларды окутуу жана алардын кызмат көрсөтүүлөрүн ийкемдүү кылуу менен бажы кызматкерлерин социалдык абалын жакшыртууга шарттарды түзүү белгиленген.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкештиги**

Авторефераттын мазмуну диссертациянын текстине, анда коюлган максаттарга жана изилдөөнүн милдеттерине туура келет. Автореферат коргоого коюлган жоболорду толук чагылдырат. Авторефераттын орус, кыргыз жана англис тилдеринде окшош резюмеси бар.

**7. Кыргыз Республикасында "Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө" жободо белгиленген талаптарга диссертациянын туура келиши тууралуу корутунду.**

1. "Кыргыз Республикасында бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүү" аталыштагы диссертациянын темасына биздин оюубузча кошумча киргизип, "Кыргыз Республикасында бажы контролун уюштуруу жана анын экономикалык механизмин өркүндөтүү" деп алмаштырса маанилүү болмок беле деген сунушту берет элек.
2. Илимий изилдөө ишинин темасында жана ички мазмунунда айтылган "бажы контролу" деген сөздү "бажы көзөмөлү" деп алмаштырып койсо, биздин оюбузча, дээрлик ишти маңыздуу, түшүнүктүү кылмак деген ойдобуз.
3. 75-бетте көрсөтүлгөн 2.2-таблицадагы 2020-жылга тиешелүү ИДП 2019-жылга (590,0 млн.сом) караганда 8,0 млн.сомго өсүп, 598,0 млн сомду түзгөн. Автор ушул сандык көрсөткүчкө таасынырак түшүндүрмө бере кетсе, иш маңыздуурак болмок. Таблицадагы 2020-жылга тиешелүү ИДПга пайыздык көрсөткүчү 4,8%ды түзгөн.
4. 76-78-беттерде көрсөтүлгөн таблицаларда 2024-жылдын январь-декабрь айларынын гана статистикалык маалыматтары эле берилген, жок дегенде акыркы 3 же 5 жылдын дал ушундай статистикалык маалыматтарын

көрсөтүп автор тарабынан тыкаат салыштыруу жүргүзүлгөндө талдоо маанилүү жана маңыздуу болмок.

5. 90-бетте 2.8-таблицада 2024-жылы Кыргыз Рубликасынын Бажы органдары көрсөтүлгөн. Ушул таблицадан кийин SWOT-анализ кылынса абдан жакшы болмок, себеби 2018-2024-жылдар аралыгында бажы органдары 7 ден 10го чейин көбөйгөн. Бажы органдарынын көбөйүшүнүн зарылдыгы бар беле?
6. “Бажы көзөмөлүнүн шартында тышкы сооданын өнүгүүсү” аталыштагы илимий иштин 2- бөлүмүндө статистикалык маалыматты баяндаган 10 таблица берилгени менен акыркы жылдарга бажы көзөмөлүн тастыктап талдоо жетишсизирээк болуп калган. Жогоруда атап өткөн 76-78 беттердеги таблицаларды 2018-2024-жылдарга чейин тыкаат талдоо жүргүзүлсө эң соонун талдоо болуп, иш маңызына чыкмак.

Кемчиликтердин болуусу Жамалов Шүкүрали Абдыкаровичтин “Кыргыз Республикасында бажы контролун уюштуруу-экономикалык механизмин өркүндөтүү” аталыштагы илимий изилдөө диссертациясынын сапатын төмөндөтпөйт.

**8. Илимий иштин Кыргыз Республикасындагы “Окумуштуу даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө” жободо белгиленген критерийлерге ылайык келүүсү.**

“Кыргыз Республикасында бажы контролун уюштуруу экономикалык механизимин өркүндөтүү” темасындагы диссертациялык иш актуалдуу темада жазылып, толук бүткөн илимий изилдөө болуп саналат. Бул иш теориялык жана практикалык мааниге ээ болуп, алынган жыйынтыктарынын жаңылыгы менен айырмаланат.

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө" жобосунун талаптарына жооп берет. Жамалов Шукурали Абдыкарович 08.00.06 – улуттук жана аймактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Диссертация боюнча берилген пикир К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин “Каржы, банктык кызмат жана салык салуу” кафедрасынын 2025–жылдын 8-апрелиндеги №9 протоколу менен кеңейтилген жыйынында талкууланган жана жактырылган.

**Төрага: э.и.д., доцент**
**“Каржы, банктык кызмат жана салык салуу”**
**кафедрасынын башчысы** **Калманбетова Г. Т.**

**Катчы:** **Калыбекова Ж.К.**

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«10» 04 2025 ж.